КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 03-апрель №95** **Чалдовар айыл**

## Суусамыр өрөөнүндө жайыттарды пайдалануу үчүн төлөмдөрдү жана жайыттарды жылдык планы бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34, 39-беренелерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы №301 «Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүн жөнгө салуу жөнүндө» токтомуна ылайык,Фрунзе айылдык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1.2026-жылдын 1-январынан тартып жайыт жерлерине мал жаю үчүн (сатуудан алынуучу 3% салыкты кошкондо), ар бир баш малга төмөнкү өлчөмдө төлөм бекитилсин (банк аркылуу накталай эмес төлөгөндө):

- уй жана жылкылар (чоң мал) — **120 сом**;
- бодо малдын жана жылкылардын (1 жашка чейинки) — **84 сом**;
- майда жандык (кой-эчки) — **25 сом**.

2.Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугу үчүн төмөнкү өлчөмдө төлөм белгиленсин:

- чөп чабуу (сенокос) үчүн — **1 гектарга 3000 сом**;
- туризм ишмердүүлүгү үчүн — **1 гектарга 21 200 сом**.

3.Суусамыр өрөөнүнө башка айыл аймактардан келген жайыт пайдалануучулар үчүн жайыт акысынын төмөнкү өлчөмдөрү белгиленсин:

- кой-эчки — **ар бир башына 20 сом**;
- бодо мал жана жылкы — **ар бир башына 80 сом**.

4..2026-жылга жайыттарды жылдык пайдалануу планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**